ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА

BULLETIN OF OSH STATE UNIVERSITY

**ISSN: 1694-7452** **e-ISSN: 1694-8610**
№3/2025, 126-136

***ПЕДАГОГИКА***

**УДК: 37.013.77**
**DOI:** 10.52754/16948610_2025_3_0_9

# БАЛДАРДА ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЫРГЫЗ ЖАНА ӨЗБЕК ЭЛДЕРИНИН КААДА-САЛТТАРЫНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРЛЕРИ

## ВЛИЯНИЕ ТРАДИЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО И УЗБЕКСКОГО НАРОДОВ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ У ДЕТЕЙ

## INFLUENCE OF TRADITIONAL KYRGYZ AND UZBEK PEOPLE ON THE FORMATION OF PERSONAL CHARACTERISTICS OF CHILDREN

**Джоошбекова Зинагул Рысбаевна**
*Джоошбекова Зинагул Рысбаевна*
*Djooshbekova Zinagul Rysbayevna*

**пед. и.к., улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*к.п.н., старший преподаватель,, Ошский государственный университет*
*Senior Lecturer, Osh State University*
zdjooshbekova@oshsu.kg

---

**Ажиматов Орунбай Аданович**
*Ажиматов Орунбай Аданович*
*Azhimatov Orunbay Adanovich*

**пс.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.пс.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Pedagogical Sciences., Associate Professor,, Osh State University*
oajimatov@oshsu.kg

---

**Бекмуратова Рахат Топчубаевна**
*Бекмуратова Рахат Топчубаевна*
*Bekmuratova Rakhat Topchubaevna*

**пед.и.к., улук окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*к.пед.н., старший преподаватель, Ошский государственный университет*
*Candidate of Pedagogical Sciences, Senior Lecturer, Osh State University*
rbekmuratova@oshsu.kg
ORCID: 0009-0004-1238-1928

# БАЛДАРДА ИНСАНДЫК САПАТТАРДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА КЫРГЫЗ ЖАНА ӨЗБЕК ЭЛДЕРИНИН КААДА-САЛТТАРЫНЫН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРЛЕРИ

**Аннотация**

Бул макалада кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттары аркылуу баланын инсандык сапаттарын калыптандыруу маселеси иликтенет. Ар бир элдин маданий өзгөчөлүгү катары каралган каада-салттар баланын дүйнө таанымын кеңейтип, моралдык-адептик баалуулуктарын бекемдөөгө олуттуу таасир этээри талданган. Автор кыргыз жана өзбек элдериндеги бала тарбиялоого байланыштуу салттарды салыштырып, алардын мазмундук жана тарбиялык өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Бешикке салуу, ат коюу, сүннөт той сыяктуу жөрөлгөлөр аркылуу балага коомдук жоопкерчилик, улууларды урматтоо, ыйман, уят, намыс сыяктуу сапаттар сиңириле турганы мисалдар менен негизделген. Макалада ошондой эле глобалдашуу шартында улуттук тарбия системаларын сактап калуу жана заманбап коомго ылайыкташтыруу маселелери да каралат. Изилдөөнүн жыйынтыгында элдик салттар баланы инсан катары тарбиялоонун маанилүү фактору экени белгиленип, тарбиялык дөөлөттөрдү азыркы шартта колдонуу сунуштары берилет.

***Ачкыч сөздөр:*** этнопедагогика, инсанды калыптандыруу, кыргыз элинин каада-салттары, өзбек элинин каада-салттары, үй-бүлөлүк тарбия, моралдык-адептик баалуулуктар, инсандык сапаттар

## *ВЛИЯНИЕ ТРАДИЦИЙ КЫРГЫЗСКОГО И УЗБЕКСКОГО НАРОДОВ НА ФОРМИРОВАНИЕ ЛИЧНОСТНЫХ КАЧЕСТВ У ДЕТЕЙ*

**Аннотация**

В данной статье рассматривается вопрос формирования личности ребенка через традиции кыргызского и узбекского народов. Анализируется, что традиции, рассматриваемые как культурная особенность каждого народа, существенно влияют на мировоззрение ребенка, укрепляют морально-этические ценности. Автор сравнивает традиции воспитания детей у кыргызского и узбекского народов, показывает их содержательные и воспитательные особенности. На примерах доказывает, что через такие обряды, как укладывание колыбели, наречение имени, обрезание, детям прививаются социальная ответственность, уважение к старшим, вера, скромность, честь. В статье также рассматриваются вопросы сохранения национальных образовательных систем в условиях глобализации и адаптации их к современному обществу. Результаты исследования свидетельствуют о том, что народные традиции являются важным фактором воспитания ребенка как личности, и даются рекомендации по использованию образовательных традиций в современных условиях.

***Ачкыч сөздөр:*** этнопедагогика, формирование личности, традиции кыргызского народа, традиции узбекского народа, семейное воспитание, морально-этические ценности, личностные качества

## *INFLUENCE OF TRADITIONAL KYRGYZ AND UZBEK PEOPLE ON THE FORMATION OF PERSONAL CHARACTERISTICS OF CHILDREN*

**Abstract**

This article examines the issue of shaping a child's personality through the traditions of the Kyrgyz and Uzbek peoples. It is analyzed that traditions, considered as a cultural feature of each nation, significantly affect the child's worldview and strengthen moral and ethical values. The author compares the traditions of raising children in the Kyrgyz and Uzbek peoples and shows their content and educational features. He uses examples to prove that through ceremonies such as cradle-laying, naming, and circumcision ceremonies, children are instilled with social responsibility, respect for elders, faith, modesty, and honor. The article also examines the issues of preserving national educational systems in the context of globalization and adapting them to modern society. The results of the study indicate that folk traditions are an important factor in raising a child as a person, and recommendations are made for the use of educational traditions in modern conditions.

***Keywords:*** ethnopedagogy, personality formation, traditions of the Kyrgyz people, traditions of the Uzbek people, family education, moral and ethical values, personal qualities

**Киришүү**

Ар бир элдин тарыхый өнүгүүсүндө маданий баалуулуктардын, каада-салттардын жана тарбиялык системалардын өзгөчө орду бар. Бул баалуулуктар муундан муунга өткөрүлүп, коомдун руханий өзөгүн түзөт. Кыргыз жана өзбек элдери байыркы доорлордон бери өздөрүнүн турмуштук философиясы, адеп-ахлактык көз караштары жана үй-бүлөлүк тарбия салттары менен айырмаланып келген. Элдик нарк-насилге негизделген каада-салттар ошол коомдун тарыхый аң-сезимин гана чагылдырбастан, жаш муундардын инсандык сапаттарын калыптандырууга да түздөн-түз таасир этет (Асаналиева, 2019, б.120).

Азыркы учурда глобалдашуу, миграция, санариптешүү сыяктуу процесстер улуттук тарбиялык системалар алдында олуттуу чакырыктарды жаратууда. Бул шартта ата-бабалардан калган тарбиялык дөөлөттөрдү жоготпостон, аларды заманбап коомго ылайыкташтыруу жана жаш муундун инсандык өнүгүүсүнө багыттоо — өтө маанилүү маселе болуп турат (Мамыров, 2017, б. 72). Айрыкча, баланын инсан катары калыптанышы үй-бүлөдөн башталып, андан ары коомдук институттар аркылуу бекемделет. Мына ушул жараянда элдик тарбия системасынын элементтери — каада-салттар, жөрөлгөлөр, макал-лакаптар, жомоктор жана улуттук майрамдар чоң роль ойнойт (Сулайманова ж-а Ш. Юнусов, 2018, б.103).

Кыргыз жана өзбек элдеринде бала тарбиялоо иши дайыма коомдук жана моралдык жоопкерчиликтин маанилүү бөлүгү катары каралган. Мисалы, кыргыз элинде «бала — эл байлыгы» деп айтылса, Турсуновдун (2020, б. 44) айтымында өзбек элинде «фарзанд дунёдан ширин» деген түшүнүк бар. Ар бир салт баланын дүйнө таанымын кеңейтүүгө, коомдогу ордун аңдап түшүнүүгө, инсандын моралдык сапаттарын калыптандырууга багытталган.Улуттук каада-салттар – улутту аныктоочу, ага уникалдуулукту жана өзгөчө мүнөздү берүүчү өзгөчөлүгү менен айырмаланат. Дал ошолор аркылуу аркылуу улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрү муундан муунга өтүп турат. Ар бир элдин маданиятынын, салттык мурасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша улуттук мүнөздүн айрым белгилери калыптанат.

Адам психологиясын толук изилдеп, инсанды ар тараптуу түшүнүүү үчүн эң оболу инсандын кайсы маданиятта жашап, социалдашканын изилдөө жана билүү зарыл. Анын таасири астында бала өз элинин маданиятына кире баштайт, бул термин инкультурация деп аталат (Стефаненко, 2009, б. 103). Инкультурация процессинде, М. М. Херсковицтин ою боюнча, индивид маданиятка мүнөздүү болгон дүйнө таанымды жана жүрүм-турумду өздөштүрүп, анын натыйжасында анын белгилүү маданияттын өкүлдөрү менен таанып-билүү, эмоционалдык, жүрүм-турумдук окшоштуктары жана башка маданияттын өкүлдөрүнөн айырмачылыктары калыптанат (Херсковиц, 2007, б. 30). Элдин каада-салтын, үрп-адатын көптөгөн философтор, социологдор, этнографтар, фольклористтер, культурологдор, лингвисттер жана тарыхчылар изилдешкен. Илимий адабияттарда каада-салт, үрп-адат, нарк түшүнүктөрүнө ар түрдүү аныктамалар берилген. Көпчүлүк учурларда «салт», «каада», «адат» түшүнүктөрү өз ара айкалышта чечмеленген. Эгерде аларды ажырата билүү үчүн ар кандай көз караштарга кайрыла турган болсок, анда бар болгон айырманын анчалык деле чоң эмес экенин байкоого болот.

**Талкуулар жана изилдөөнүн жыйынтыктары**

Кыргыз элинин каада-салттарынын маани-маңызын А. А. Асанканов, Р. А. Ачылова, А. А. Бекбоев, Ж. Б. Бокошов, Ж. К. Урманбетов, М. Ж. Жумагулов, А. Т. Табалдиев, О. Тогусаков, Ф. А. Фиельструп жана башкалар элдик каада-салттардын, үрп-адаттардын табиятына болгон тарыхый-маданий, философиялык, методологиялык жактан изилдешкен. Мына ушундай эле өңүттө өзбек элинин каада-салттары окумуштуулар Г. Д. Баубекова, З. Миртурсунов, Т. П. Снесарев, Г. Убайдуллаева, М. Шербоев жана башкалар тарабынан изилденген. Эки элдин каада-салттарынын калыптанышына ислам дининин таасири тийген. Адабиятчы К. Т. Алимова: «Кыргыз элинин турмушуна ислам дини терендеп кирбесе да, анын каада-салтын, көчмөн маданиятын изилдегенде кандай болбосун исламдын таасирин көрүүгө болот. Ал тургай күнүмдүк жашообузда да исламдын ырым-жырымдары кайталанып турат. Канткен күндө да кыргыз элинин үрп-адаты, каада-салты ислам менен тыгыз байланышта», – деп эсептейт. (Джоошбекова, 2024, б.80).

И. В. Суханов “Каада-салт – бул идеологиялык мамилелердеги көз караштар, эрежелер, нормалар жана принциптер, ошондой эле инсандын руханий сапаттарын ачып көрсөтүүчү, белгилүү бир экономикалык мамилелерден талап кылынуучу аракеттер,”– деп белгилеген (Суханов, 1976, б. 130).

Окумуштуу С. Н. Сарсенбаев каада-салт социалдык топтун, улуттун, жалпы эле коомдун жашоо образын түптөөгө өбөлгө түзүп жана жаш муундарды тарбиялоонун маанилүү фактору болот, – деп эсептейт (Сарсенбаев, 1974, б. 224).

Кыргыз жана өзбек элдеринде бала төрөлгөн учурдан тарта ага байланыштуу ар түрдүү каада-салттар колдонулат. Алардын ар бири тарбиялык багытка ээ. Кыргыз элинде: Бешикке салуу, ат коюу, тушоо кесүү, токтоо той, тулга берүү, жентек сыяктуу каада-салттар — балага болгон мээрим, үмүт жана жоопкерчиликтин көрсөткүчү болуп саналат (Асаналиева, 2019, б. 120).

Улууларды урматтоо, конок тосуу, наристени улууга таанытуу — коомдук жүрүм-турум эрежелерин үйрөтөт (Мамыров, 2017, б. 72). Ал эми өзбек элинде бешик той, исим коюу аземи, сүннөт той, хатна, той-маарекелердеги жүрүм-турум — баланы тартипке, тазалыкка, коомдук жүрүм-турумга үйрөтөт. Өзбек салтында улууларды сыйлоо, аялзатына урмат көрсөтүү өзгөчө орунда турат (Турсунов, 2020, б. 55). Бул салттар аркылуу балага инсанга тиешелүү болгон ыйман, уят, абийир, мээримдүүлүк, жана жоопкерчилик сыяктуу сапаттар сиңет.

Балага тарбия биринчи кезекте коомдо кичинекей мамлекет болгон үй-бүлөдө берилет. Ошондой эле макал-лакаптар, жомоктор, дастандар баланын аң-сезимин байытып, адептүүлүккө үйрөтөт. Мисалы: кыргыз элинде «Улууну урматта, кичүүнү ызаатта», «Жакшыдан үлгү, жамандан корк»; Өзбек элинде: «Каттани хурмат қил, кичикни иззат қил», «Буюклар дуоси – бола бахти» деген сыяктуу макалдардын мааниси жана таасири өтө чоң (Сарсенбаев, 1974, б. 224).

Баланын инсандык сапаттарга ээ болуп, инсан болуп калытанышына таасир эткен кыргыз жана өзбек элдеринде колдонулган каада-салттарга токтолобуз.

**Таблица 1. Кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарынын критерийлери**

| Критерийлер | Кыргыз элинин салты | Өзбек элинин салты |
|---|---|---|
| Бала төрөлгөн учурдагы салттар | Бешикке салуу, тушоо кесүү — баланын коомго кошулуу символу, мээрим жана коопсуздук сезимин бекемдөө | Бешик той, сүннөт, хатна — социалдык кабыл алуу жана диний нарк-насылга баштапкы кадам |
| Үй-бүлөлүк тарбия | Чоң эне тарбиясы, улуу-кичүүгө урмат, үй-бүлөлүк биримдикке басым жасоо | Ата-эненин кадырын билүү, чоңдорду урматтоо, тартипке жана жоопкерчиликке тарбиялоо |
| Тарбия каражаттары | Кыргыз макал-лакаптары, жомоктор, улуттук оюндар — моралдык нормаларды таанытуу | Насыйкаттар, хадистер, адаб-ахлак, диний мотивдер — ыймандуулукка жана адепке үндөө |
| Социалдык баалуулуктарды үйрөтүү | Улууларды сыйлоо, коноктошуу салттары, коомдук гармонияны баалоо | Улууларга кызмат кылуу, кошуна менен тынч жашоо, социалдык тартипти сактоо |
| Моралдык-адептик тарбия | Уят, намыс, кадыр, элге шерменде болбоо — ички көзөмөлдүн негизги механизмдери | Ийман, сооп, күнөө түшүнүктөрү аркылуу баланын жүрүм-турумун жөнгө салуу |
| Психологиялык өзгөчөлүктөрү | Эмоционалдык коопсуздук, өзүнө болгон ишеним, коомдо өз ордун табуу. | Өзүн таануу, коомдук жоопкерчилик, руханий тазалык жана эмпатияны өнүктүрүү |
| Гендердик ролдорду үйрөтүү | Эркек баланы жоокер, кыз баланы мээримдүү эне катары көрүү — салттуу стереотиптерге негизделген. | Аялзатына урмат, эркектерге жоопкерчилик жүктөө — диний жана адептик негизде берилет. |
| Коомдук интеграция | Тушоо кесүү, айылдаштардын катышуусу — бала коомдун мүчөсү катары кабыл алынат. | Сүннөт, хатна тойлору — балага коомдук милдет жүктөлүп, коом тарабынан кабыл алынат. |

**Баланы бешикке салуу**

**Кыргыздарда**. Кыргыздардын бешикти көбүнчө арчадан жасатканы да кокусунан эмес. Арчадан жасалган бешик курт түшпөйт деп бааланат. Баланы бешикке салуу салты кыргыздарда жана өзбектерде чоң той менен коштолот. Ымыркайдын киндиги түшүп, төрөлгөнүнө жети күн болгондон баштап бешикке салынат. Бешик наристени бакканга, таза кармаганга, уктатканга бир топ ыңгайлуу. Салт боюнча бешикти төрөлгөн наристенин таэнеси алып келет. Ал эми наристенин бешикке салынган күнүн бешик тою дешет. Балага ат койгондон кийин бешик тойго даярдык башталган. Коноктор чакырылып, мал союлуп, дасторкон жайылып, боорсок жасалган. Чоң казанга эт асылып, комуз чертилип, шаңдуу

ырлар аткарылат. Салтка ылайык, баланын таянеси тараптан ымыркайга бешик, төшөнчүлөр даярдалган. Бешикти майлап, арча менен ыштатышкан. Мыкты уул-кыздарды тарбиялаган, асылзат байбичелер чүкөлөрдү бешикке салып, ары-бери оодарышат. Чүкөлөр күлтүккө түшүп, байбичелер: «Оң бол, оң бол” деп айтышат. Анан "Эне-бешик, бекем карма, Умай эне, уйку бер” дешип, бешикке атайын жасалган кичинекей жууркан-төшөктөрдү төшөп баланы бешикке бөлөшкөн. Бешикке бөлөп жаткан учурда байбичелер оолдоруна боорсок тиштеп алышкан. Бул ымыркайдын жашоосунда точулук, молчулук болсун, ымыркай жакшы уктаган, жоош бала болсун деген тилек менен аткарылган. Анан бешик энеге берилет. Бардык конокторго таазим кылып жатып, бешикти кармап, босогодон, аркасынан басып жүгүнөт. Чакырылган коноктор энеге бата беришет. Бактылуу эне биринчи алдей айтат:

“Алдей-алдей ак бөбөк,
Ак бешикке жат бөбөк.
Алдей бөбөк ыйлаба,
Энекеңди кыйнаба.
Жапкан нандын ортосу,
Жүрөгүмдүн толтосу.
Элди жоодон коргогон,
Баатыр болоор бекенсиң.
Эл таалайын ырдаган,
Акын болоор бекенсиң.

Наристе бешикке салынгандан баштап бешик ырлары ырдалат. Аны ар бир эне баласын уктатаарда бешикти терметип жатып ырдайт. Мындай ырлар мээримдин, сүйүнүчтүн үлгүсү жана мисалы катары каралат.

**Өзбектерде.** Бала төрөлгөндөн кийинки кырк күн наристенин өмүрү үчүн өзгөчө коркунучтуу деп саналат. Мындай коркунуч бала үчүн эле эмес, анын энеси үчүн да тиешелүү болгон. Кыркын чыгарууда жигиттин энеси, жакын туугандары, коңшу-колоңдору келип катышып, балага бата беришет. Баланын денеси чымыр, дени-карды соо болуп чоңойсун үчүн аны туздуу сууга жуунтат. Мындай суу анын денесине чыккан жараларды да бат айыктырганга таасир тийгизет. Кээде сууга майда тыйынды, жумуртканын кабыгын, үйдүн дубалынан алынган кесекти да салып коюшат. Баланы жуунткан сууну кийин көп балалуу киши болсун деп ырымдап, мөмөлүү дарактын түбүнө куюшкан. Баланы бешикке бөлөө бир топ ырым-жырымдар менен коштолуп, көпчүлүктүн катышуусу менен өтөт. Өзбектерде адатта баланы бешикке салып жатканда эки жолу турмуш курган, күйөөсү менен ажырашкан аялдарды киргизген эмес. Дегеле бешиктин өзүнө байланышкан ишенимдер, тыюулар келип чыккан. Бешикти эки киши көтөрбөйт, анткени бул көрүнүш каза тапкан кишинин сөөгүн эки кишинин көтөргөнүнө окшоштурулуп каралган. Бешикти адатта биринчи болуп төрөлгөн балага гана алып келишет. Андан кийинки төрөлгөндөр ошол эле бешикке бөлөнө берет. Бешик ыйык буюм катары кастарланып, ыргытылып ташталбайт. Айрым үй-бүлөлөрдөн бир канча муун бөлөнүп чоңойгон бешиктерди кездештирүүгө болот. Бала бешикке салынгандан тартып өзбек келиндери күндүн кайсы мезгили болбосун, баланы терметкен маалда алдейлеп терметет. Алла (өзб. әллә) – эненин баласынан күткөн үмүт-

тилегин, өзүнүн кыялын, арзуу-арманын чагылдырган бешик ыры. Дал ушул ыр аркылуу баланын жарык дүйнө менен, өз энеси менен, эне тили менен таанышуусу башталат. Бул ырдын тээ байыркы мезгилдерден бери жашап келе жаткандыгы талашсыз, бирок, кийин муну ислам дини менен байланыштырып, бул ыр аркылуу баланын кулагына алланын атын угузат, бешиктен тартып алланы дилине салат деп түшүндүрмө берүү таралып кеткен (Мурзакметов, 2015, б.137; Дастанбек кызы, Мурзакметов, 2023).

Баланы кыргыздарда гүлгө, мөмөгө окшоштурушат, ошондуктар каада-салттардын көпчүлүгү баланын төрөлүшү, анын чоңоюшу, өмүрүндөгү маанилүү окуялар менен байланышкан: сүйүнчү, ат коюу, бешик той, бешик ыры (алдей), түшоо кесүү, атка миңгизүү, сүннөт кылуу, кудаалашуу, кыз узатуу, келин алуу ж.б. Ошондой эле ар бир үй-бүлөдө өзүнүн жети атасын билгенге үйрөтүшкөн. Кыргыздын макалында “Ата көргөн – ок жонот, эне көргөн – тон бычат” деп айтылат. Бул макалда ата -энелердин уул-кыздарды тарбиялаганы жөнүндө айтылат.

С.М. Абрамзон кыргыздарда баланын төрөлүшү үй-бүлөдөгү эң бактылуу майрам экенин белгилеген. Салт боюнча баланын төрөлгөнүн жакын тууган-уруктарга, кошуналарга бир нече жаш бала сүйүнчүлөшүп ар түрдүү белек-бечкектерди алышкан. Мындай учурларда баланын ата-энесине *“Бешик боо бек болсун!”, “Тукумуң көбөйсүн”, “Элдин уулу болсун!”, “Өмүрлүү болсун!”* деген сөздөрдү айтып алкашкан, бата беришкен. Ушуга окшош салттар өзбектерде да бар. Бул жөнүндө Т.П. Снесарев жазган (Снесарев, 1969, б. 336).

Бир үй-бүлөдө бала төрөлсө башкалар билүүсү үчүн үйдүн бийик жерине бутактарына мөмө-жемиш, таттуу конфеттер илинген мөмө берүүчү дарактын шагы илинген. Ал *“чаман”* деп аталган. Мөмөлүү дарактар жана алардын мөмөлөрү менен байланышкан көп үрп-адаттар бар. Алардын мааниси көп балалуу болууга мүмкүндүк берет деген ишеним болгон. Снесарев Т.П. белгилегендей “салт боюнча жаңы төрөгөн эне-бала кырк күн аралыкта элге чыкпай үйдө болуп, көздөн, жаман күчтөрдүн таасиринен алыс болуусу зарыл болгон. Анткени ушул кырк күндө алар абдан назик, алсыз болуп, жаман таасирлерге кабылып калуу коркунучу болгон. Баланы биринчи жолу сууга салганда атайын кесме жасалган, кесме баланын өмүрү узун болсун деп узун жасалган (Джоошбекова, 2024, б.89).

**Балага ат коюу**

Кыргыз, өзбек каада-салттарынын дагы бир аспектиси балага ат коюу менен байланыштуу болгон. Ат коюу – наристеге ысым берүү каадасы. Ат тандоо ата-эненин, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ыйык парзы болуп эсептелген. Кыргыздардын, өзбектердин турмушунда ат коюунун белгилүү убактысы болгон эмес, ал төрөлгөн күнү, же 1-2 айдан кийин деле коюла берген. Ат коюуну атасы ошол жердеги аксакал, кадыр-барктуу, атактуулардын бирине тапшырган. Наристеге ат коюу үчүн чакырылган адамга сый көрсөтүп, үстүнө чапан жапкан. Ат коюучу наристени бир сыйра карап, денесиндеги белгилерди байкап, ошого жараша ат тандаган. Мисалы, калдуу болсо Калмырза, Калык, Калыбек, анарлуу болсо Анара, Анаркан ж.б. Аптанын кайсы күнүндө төрөлсө Дүйшө, Шейшекан, Шаршен, Бейше, Жумабек, Ишемкул, Жекшенбай. Эркек балага кыздын, кызга эркектин атын коюу да кеңири тараган. Булардын баардыгы магиялык мааниде болуп, негизги максаты жин-шайтандарды адаштыруу, тукумду аман-эсен сактап калуу аракети болгон (Исаев, 2021, б.123).

**Өзбектерде.** Негизи, баланы туулганынан тартып дин менен тааныштыруу, анын жашоосун дин менен байланыштыруу өзбектерде күчтүүрөөк өнүккөн. Алгач туулган баланын кулагына атайын чакырылган молдо азан айтып, ошондон тартып анын кулагы ачылды деп эсептелет. Ислам дининин тийгизген таасиринен улам өзбектерде араб тилинен кирген ысымдар көбүрөөк учурайт. Мына ошондой түшүнүктөн улам өзбектерде Рахман, Рахим, Малик, Мумин, Гафар, Каххар, Вахаб, Разак, Фаттах, Алим, Хакам, Азим, Гафур, Шукур, Карим сыяктуу ысымдардын арбын учурашы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал эми акыркы мезгилдерде тарыхта аты калган падышалардын, улуу адамдардын ысымын берүү кеңири жайыла баштаганын байкоого болот. Мухаммед, Жахонгир, Темур, Шохрух, Улугбек, Бабур сыяктуу аттар ага далил боло алат.

Кыскача жыйынтыктай келсек, кыргыздар менен өзбектердин бала төрөлгөнгө чейинки жана бөбөк төрөлгөндөн кийинки учурларда аткарылган каада-салттары, ырым-жырымдары баарынан мурда наристенин жарык дүйнөгө аман-эсен келишин, аны курчап турган түрдүү жамандыктардан, коркунучтардан сактоону, баланын дени сак болуп, узак жашашын камсыздоону, келечегинин кең, жарык болушун көздөгөн чаралардан турат. Мында анын энеси да унутта калган эмес. Ал эми көп бала төрөгөн келиндер коомдо кадырлуу орунга жетишип, эгиз төрөгөндөрүн ал түгүл өзгөчө касиетке ээ кылышкандары маалым. Мындагы окшош, бирдей көз караштар, түшүнүктөр эки элдин тең баласаак экендигин, бул дүйнөдөгү эң башкы байлык, бакыт, максат, жашоонун рахаты катары балдарды эсептерин, башкача айтканда дүйнө таануусу, баалуулуктары да айырмасыз экендигин тастыктап турат.

### Тушоо кесүү салты

**Кыргыздарда.** Баласынын чоңоюп, кадам шилтеп басып кетишин ата-эне чыдамсыздык менен күткөн, бул бөбөктүн өмүрү үчүн коркунучтардын жоголушуна, анын жашап кетишине ишеним арттырган. Наристенин бутун алаканга, жерге коюп таканчыктатып көндүрүшкөн. Өзүнүн боюн токтото баштагандан аны каз-каз тургузуп, тай-тайлап бастырышкан. Кандайдыр бир ишке баланы каз-каз тургузуп төлгө салышкан. Баланын оң бутун көтөргөнү жакшылыкка, кубанычка, ал эми сол бутун көтөргөнү жамандыкка, жолу болбостукка жорулган. Бөбөктү эртерээк бассын деп, жаңы союлган койдун ысык канын тепшиге куюп, баланы ага отургузуп, кан менен бел кырчоосуна чейин жуунтушкан. Ошол эле максатта аны палоо демдегенде аштын бетин жапкан сапал табакка (чопо табакка) отургузушкан. Буттары муунуна кирсин үчүн эки такымына жаңы союлган койдун бөйрөктөрүн ысык бойдон тартат. Жогорудагыдай аракеттердин натыйжасы катары бала телчигип, аягын бир-эки шилтеп калган кезде тушоо кесүү жөрөлгөсү аткарылган. Баланын бутун тушаган ала жиптин да өз мааниси бар. Илгерки замандан бери мал асыроочулук менен өмүр өткөргөн кыргыз элинин мал байлай турган куралы жип, аркан болгон. Ал жипти да, арканды да көбүнчө ар түрдүү жүн аралашкан жүндөн эшкен. Анткени, кыргыздардын кою да түс жагынан ар түрдүү болгон. Ак, кара койлорду аралаш күткөн. Ошондуктан ала жип пайдаланышкан. Жип, аркан менен мал байлаган, ат аркандаган, көгөн жасап, козу байлаган, желе жасап, кулун байлаган. Көчкөндө аркан, жип менен унаага жүк арткан. Байлана, таңыла турган нерселердин бардыгы аркан, жип менен иштелген. Кыргыздар ошол мал байлаган жипти да аттачу эмес экен. Анткени, ал касиеттүү болуп саналган. Адамдын

турмушу бир өңчөй күндөрдөн турбайт, ала жип бөбөктүн болочок турмушунда күтүп турган жакшы, жаман күндөрдү да туюндурган, ошондой ак-карасы аралаш турмушка кадам шилтеп, аралашып кире баштаганын билдирген.

**Өзбектерде.** Түрк тилдүү элдердин көбүндөгүдөй эле, өзбектерде да тушоо кесүү салты аткарылып келген. Анын шарттары кыргыздардыкынан көп айырмаланбаган, болгону, көп чыгым кеткен эмес. Бөбөктүн ата-энеси союш сойбой, сыйлуу тамак болгон палоону демдеп, жакын туугандарын, кошуна-колоңдорун чакырган. Мааледеги жаш балдар чогулуп, жарышка түшкөн, биринчи чыгып келгени тушоону кескен. Ага күн мурунтан даярдалган чакан белек ыйгарылып, калгандарына конфет, шоколад, өрүк как сыяктуу таттуулар, же майда тыйын чачыла чачылган. Кыскасы, эч ким куру калган эмес. Мындай тойчукка кыздын төркүндөрү да куру кол келбей, себет даярдап, түрдүү оюнчук белектерди алып келген. Биздин маалымат берүүчүлөрүбүз көз карандысыздыкка ээ болгон жылдардан тартып коомдо күч алган ислам дининин таасири, дин өкүлдөрүнүн «бул нерсе динде жок», «шариятка туура келбейт» деген үгүтү менен сөз болгон салттын акырындык менен унуткарылып, акыркы жыйырма жылдай убакыттын ичинде дээрлик аткарылбай калганын өкүнүү менен белгилешти.

**Сүннөткө отургузуу**

Сүннөт той - баланы отургузууда өткөрүлүүчү той. Той айрым райондордо үч күнгө созулат. Биринчи күнү той кеңеш өткөрүлөт, тойго арналып багылган мал (аны баланын таятасы, таякелери алып келет) союлат ж.б. даярдыктар өткөрүлөт. Экинчи күнү той башталат, алыс-жууктан коноктор келет, аларга тамак тартылат, айылдагы үйлөргө коноктоого бөлүштүрөт. Байгелүү оюндар уюштурулат. Үчүнчү күн той узаар күн деп аталат. Бул күнү бала сүннөткө отургузулат жана тойго келгендер тамактанып тарап кетишет.

Балалык курактагы дагы бир эң маанилүү каадалардын бири – бул сүннөткө отургузуу. Сүннөттү өзбектер хатна деп да коюшат. Анын колду адалдоо деген тергеме аты сүннөткө отургузулгандан кийин балага тооктубу, койдубу, же башка малдыбы, сойгонго уруксат берилгени менен түшүндүрсө болот. Сүннөткө отургузула элек кезинде сойгон малынын эти арам деп кабыл алынат. Көрүнүп тургандай, сүннөт мусулманчылыктын бир парзы катары эсептелет. Бирок сүннөткө отургузуу ислам дини жарала элек кезде эле белгилүү болгон, анын беш миң жыл илгери байыркы египеттиктерде аткарылганы тууралуу маалыматтар бар. Бул салтты баланын бир курактан экинчи бир куракка өткөндүгүн белгилеген, сыноодон өткөргөн инициация катары кароого болот. *Сүннөттүн* кандай максатта жасалганы тууралуу түрдүү көз караштар бар, бирок абасы ысык шартта жашаган Чыгыш элдеринде негизинен тазалыкты сактоо үчүн жаралганы талашсыз. Кийин ага диндин таасири менен түрдүүчө түшүндүрмөлөрдү берип жиберишкен. Сүннөткө отургузуу бала 3, 5, 7 жашка чыкканда, башкача айтканда так жашында аткарылат.

**Корутунду**

Жаштардын акыл-эс тарбиясында, аң-сезимин өстүрүүдөө эл оозеки чыгармаларынан айтыш өзгөчө ролду ойнойт. Акыл – чоң эмгектин натыйжасы. Акылдуу болуш үчүн адам көп окуп, үйрөнүп, эмгек кылышы керек. Билим жана акыл – эгиздер. “Алтын жана акыл бузулбайт”, “Акыл – деңиз, канча алсаң да, түгөнбөйт”, - дейт кыргыздар.

Муундардын тарбиясы келечек жөнүндө кам көрүү болуп эсептелет. Биздин муундарыбыз астындагы милдетибиз – ар тараптан өнүккөн, акылдуу, маданияттуу, кенен илимий-маданияттуу кругозорго ээ коомдун келечектегии ээсин тарбиялоо. Акылдуу, маданияттуу, кенен илимий-маданияттуу кругозорго ээ жаранды тарбиялоо жалгыз гана жаш муундун аң-сезимине маданият, каада-салттар байлыктарын сиңдирүү жолу менен ишке ашырылы мүмкүн. Ар тараптуу жана гармониялык өнүккөн, жөндөмдүү жарандарды тарбиялоодо элдик каада-салттардын тарбия, билим берүүчүлүк ролу чоң.

Демек, жаштарды улуттук маданиятка жана жалпы адамзаттын баалуулуктарына тарбиялоодо, элдик педагогиканын чоң тарбия берүүчү мааниге ээ каражаты каада-салттардын педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүнө айрыкча көңүл буруу керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Абдимиталип уулу, Н. (2022). “Обычаи, связанные с рождением ребенка у средневековых караханидов и современных кыргызов”. *Вестник Ошского государственного университета,* (3), 126–132. https://doi.org/10.52754/16947452_2022_3_126
2. Асаналиева, Г. (2019*). Кыргыз элинин каада-салттары жана тарбиялык мааниси.* Бишкек: Эл аралык илимий басмакана.
3. Дастанбек кызы, К., Мурзакметов, А. (2023). “Кыргыз макал-лакаптарында педагогикалык ойлордун берилиши”. *Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филология*, (1(1), 30–37. https://doi.org/10.52754/16948874_2023_1(1)_4
4. Джоошбекова, З.Р (2024). *Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары (кыргыз-өзбек каада-салттарынын мисалында).* Диссертация. Бишкек.
5. Исаев, А., Курбанов, Х. (2021). “Кыргыз жана өзбек элдик тарбиясынын салыштырма анализи”. *Педагогика жана коом журналы,* (3), 14–2.
6. *Каада-салттар. Ак баталар* (2003) [түз.: А. Акматалиев, К. Кырбашев, М. Өмүрбай уулу, Ө. Шаршеналиев]. Бишкек: Шам. ( Эл адабияты сер. ).
7. Мамыров, Т. (2017). *Этнопедагогиканын негиздери.* Бишкек: Академия.
8. Мурзакметов, А. К. (2015). *Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары.* Ош: Кагаз ресурстары.
9. Сарсенбаев, Н. С. (1974). *Обычаи, традиции и общественная жизнь.* Алма-Ата: Казахстан.
10. Сулайманова, Ш. Юнусов. (2018). *Кыргыз жана өзбек элдик макал-лакаптар жыйнагы.* (Ред. Ж.). Бишкек–Ташкент.
11. Суханов, И. В. (1976). *Обычаи, традиции и преемственность поколений.* М.: Полит. лит.
12. Снесарев, Т. П. (1969) *Реликты домусульманских верований и обрядов узбеков Хорезма.* М.: Наука.
13. Стефаненко, Т.Г. (*2009). Этнопсихология.* М.

14. Турсунов, У. (2020*). Ўзбек халқ педагогикасида маънавий тарбия масалалари.* Ташкент: Маориф.
15. Херсковиц, М. (2007). *Инкультурация индивидов.* Москва.